# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

2013-жылдын 6-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 7, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

117-статьяда:

мамлекеттик тилдеги текст төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“117-статья. ВИЧ-инфекциясын жуктуруу

(1) Билип туруп башка адамды ВИЧ-инфекциясын жуктуруу коркунучуна туш кылганда,-

үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө, же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Өзүндө ал оорунун бар экендигин билген адам ВИЧ-инфекциясын башка адамга жуктурганда,-

үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Ушул статьянын экинчи бөлүгүндө каралган жосундар эки же андан ашык адамга же болбосо жашы жетпегенге карата жасалганда,-

беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(4) Медициналык кызматкердин өзүнүн кесиптик милдеттерин талапка ылайык аткарбаганынын кесепетинен ВИЧ-инфекциясы башка адамга жукканда,-

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О внесении изменений в Уголовный кодекс Кыргызской Республики

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 6 июня 2013 года

**Статья 1.** Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., № 7, ст. 229) следующие изменения:

в статье 117:

текст на государственном языке изложить в следующей редакции:

«117-статья. ВИЧ-инфекциясын жуктуруу

(1) Билип туруп башка адамды ВИЧ-инфекциясын жуктуруу коркунучуна туш кылганда,-

үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө, же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Өзүндө ал оорунун бар экендигин билген адамдын ВИЧ-инфекциясын башка адамга жуктурганда,-

үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Ушул статьянын экинчи бөлүгүндө каралган жосундар эки же андан ашык адамга же болбосо жашы жетпегенге карата жасалганда, -

беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(4) Медициналык кызматкердин өзүнүн кесиптик милдеттерин талапка ылайык аткарбашынын кесепетинен ВИЧ-инфекциясын башка адамга жукканда,-

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Ушул статьянын биринчи же экинчи бөлүктөрүндө каралган жосунду жасаган адам, эгерде ВИЧ-инфекциясы жугуу коркунучунда калган башка адам биринчи адамдын мындай оорусу бар экендиги жөнүндө өз убагында эскертилсе жана жугузуу коркунучун түзгөн аракеттерди жасоого ыктыярдуу макул болгон учурда кылмыш -жаза жоопкерчилигинен бошотулат.»;

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү: Ушул статьянын биринчи же экинчи бөлүктөрүндө каралган жосунду жасаган адам, эгерде ВИЧ-инфекциясы жугуу коркунучунда калган башка адам биринчи адамдын мындай оорусу бар экендиги жөнүндө өз убагында эскертилсе жана жугузуу коркунучун түзгөн аракеттерди жасоого ыктыярдуу макул болгон учурда кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат.";

расмий тилдеги текстинде:

1-бөлүктүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"наказывается ограничением свободы на срок до трех лет либо лишением свободы на срок до трех лет.";

2-бөлүктүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"наказывается ограничением свободы на срок от трех до пяти лет.";

3-бөлүктүн экинчи абзацында "до пяти" деген сөздөр "от пяти до семи" деген сөздөргө алмаштырылсын;

4-бөлүктүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"наказывается лишением свободы на срок от трех до пяти лет с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет.".

**2-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

Бишкек ш.
2013-жылдын 09-июлу
№ 125

в тексте на официальном языке:

абзац второй части 1 изложить в следующей редакции:

«наказывается ограничением свободы на срок до трех лет либо лишением свободы на срок до трех лет.»;

абзац второй части 2 изложить в следующей редакции:

«наказывается лишением свободы на срок от трех до пяти лет.»;

в абзаце втором части 3 слова «до пяти» заменить словами «от пяти до семи»;

абзац второй части 4 изложить в следующей редакции:

«наказывается лишением свободы на срок от трех до пяти лет с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет.».

**Статья 2.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
09 июля 2013 года
№ 125